КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №22- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

ТОКТОМ

2026-жылдын 10-ноябрындагы №151 Оргочор айылы

Иштин муктаждыгына карата 2026-жылдын жергиликтүү бюджетине өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, Кыргыз Республикасынын Бюджет Кодексинин 16-главасынын 78-беренесине жана 21-главасынын 115-беренесинин 3-пунктуна ылайык, финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Асаналиевдин билдирүүсү угулуп жана талкууланып Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Жети-Өгүз райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн 2026-жылдын 06-октябрындагы №01-26/417 каты менен Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги Ысык-Көл регионалдык кызматынын Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтүнө карата 1 378 978,8 (бир миллион үч жүз жетимиш сегиз миң тогуз жүз жетимиш сегиз) сом өлчөмүндөгү акча өндүрүү жөнүндөгү жарандык иштин негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун аныктамасы эске алынсын.
2. Оргочор жергиликтүү кеңешинин 2026-жылдын 10-февралындагы "2026-жылга Оргочор жергликтүү бюджетин жана 2027-2028-жылдарга токтом долбоорун бекитүү" жөнүндөгү № 110 токтомунун 11-пунктундагы 11.10-пункчасында "Бел-Совхоз-О" СПАсы объект ишке киргизилгенден кийин реабилитациялык иштердин төлөмүнө Светлая Поляна, Оргочорго 8000,0 (сегиз миллион) миң сом деп каралган акча каражаты төмөндөгү иштерге жумшоого макулдук берилсин:
   - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун аныктамасынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги Ысык-Көл регионалдык кызматынын Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтүнө карата 1 378 978,8 (бир миллион үч жүз жетимиш сегиз миң тогуз жүз жетимиш сегиз) сом өлчөмүндөгү акча өндүрүү жөнүндөгү жарандык ишти жабууга;
   - "МТАА Агро МТС" муниципалдык ишканага 5 500 000 (беш миллион беш жүз миң) сом субцидия катары берүүгө;
   - "Бел-Совхоз-О" СПАсы объект ишке киргизилгенден кийин реабилитациялык иштердин төлөмүнө Светлая Поляна, Оргочорго 8000,0 (сегиз миллион) миң сом деп каралган акча каражаты жыл аягына чейин жергиликтүү бюджетке түшкөн акчалардан орду кайра толукталсын.

3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча

мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **А.Тыныбеков**